каттоо менен колдонуудагы ижара келишимине кошумча макулдашууну түзүп, тараптар ижара келишиминин мөөнөтүн узарта алышат. Бул эреже тооруктардын жыйынтыктары боюнча ошондой эле ижарага түз берүү жолу менен түзүлгөн келишимдерде колдонулат.

54. Ижара келишими төмөнкү учурларда токтотулат:

- эгерде, ошол убакыттын ичинде ижара келишими узартылбаса, ижара келишимин колдонуу мөөнөтүнүн акыркы күнү аяктаганда;

- тараптардын өз ара макулдашуусу боюнча келишим бузулган учурда;

- тараптардын биринин талабы боюнча келишим сот тарабынан мөөнөтүнөн эрте бузулса.

55. Тараптардын макулдашуусу боюнча келишим бузулгандан кийин, үч күндүн ичинде ижарага берүүчү ижара келишимин бузуу жөнүндө макулдашууну тиркөө менен билдирүүнү ыйгарым укуктуу органга берүүгө милдеттүү.

56. Ижарага берүүчүнүн талабы боюнча ижара келишими сот тарабынан мөөнөтүнөн мурда бузулушу мүмкүн, эгерде, ижарага алуучу:

- ижаралык объект келишимдин шарттарын бузуу менен же мүлк максаттык эмес багытта колдонулса;

- тоорук жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча кабыл алынган милдеттерин аткарбаса же талаптагыдай эмес аткарса;

- муниципалдык мүлктү кайрадан ижарага берсе;

- келишимде белгиленген мөөнөт аяктаганда, ижаралык акыны эки жолудан ашык төлөбөсө;

- пайдалануу процессинде ижаралык объектинин техникалык мүнөздөмөсү же функциялык өзгөчөлүктөрү начарласа, же анын оңдоого мүмкүн болбогондой, талкаланышына алып келгендей жабыркаса, аларды жок кылуу үчүн калыбына келтирүү оңдоо иштерин жүргүзүү талап кылынса;

- ижарага берүүчүнүн жакшы иштөөсүнө жолтоо болсо же анын иши ижарага берүүчү үчүн финансылык, өндүрүштүк жана техникалык жактан терс кесепеттерге алып келсе.

57. Ижарага алуучунун талабы боюнча ижара келишими сот тарабынан мөөнөтүнөн мурда бузулушу мүмкүн, эгерде:

- ижара берүүчү муниципалдык мүлктү колдонууга бербесе же келишимдин шарттарына жана мүлктүн дайындалышына ылайык ижаралык объектти пайдалануу үчүн тоскоолдук түзсө;

- ижарага алуучуга берилген муниципалдык мүлк келишимди түзүү учурунда ижарага берүүчү тарабынан сүйлөшүлбөгөн, ижарага алуучуга мурдатан белгисиз болгон жана алар ижаралык объектини кароо же келишимди түзүү учурунда же анын оң экендигин текшерүү учурунда байкалбаган кемчиликтер аларды пайдаланууга тоскоолдуктарды жаратса;

- ижарага алуучу жооп бербей турган кырдаалдардын себебинен улам муниципалдык мүлк пайдалануу үчүн жараксыз абалда болуп калса.

58. Ижара келишиминин мөөнөтүн эрте бузуу үчүн тарап экинчи тарапка анын келишимдик милдеттерди аткаруусу зарыл экендиги же кетирилген тартип бузууларды он беш күндүн ичинде жоюу жөнүндө эскертүү катын жөнөтөт.

Ижара келишимин мөөнөтүнөн мурда бузуу тууралуу талап боюнча тарап сотко арызданышы мүмкүн:

- келишимди бузуу жөнүндө сунуштан экинчи тарап баш тарткан же сунушта көрсөтүлгөн мөөнөттө, ал жок болсо - отуз күндүк мөөнөттө жооп алынбаган учурда;